# Аманкул Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштеринин аткарылган иш чараларынын анализи

## А.Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иштери боюнча бир жылдык анализи

### 2021-2022-окуу жылы

А.Куттубаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окуу-тарбия процессиндеги олуттуу максаттарды ишке ашыруу багытында мектеп администрациясы пландуу иш - чараларды белгилеп алган.Мектепте класстан тышкаркы таалим-тарбия иштеринин тийиштүү деңгээлде жүргүзүлүшү үчүн атайын иш-чаралардын иш-планы түзүлдү. Окуу жылынын башында даярдоо класстан-11-класска чейин салтуу түрдө окуп башташты.Окуу убактысы белгиленип, класстар бир сменага бөлүштүрүлдү. Класс жетекчилер өз предметине жараша ар бир класска бекилди.Класс жетекчилер тарабынан окуучулар жөнүндө жалпы маалымат алынды.Ар бир окуу жылына ылайыкталган класс жетекчинин журналы таркатып берилди.Таалим-тарбия иштерин жүргүзүүгө багыт берүүчү журналдагы бөлүмдөргө класс жеткечилер тарабынан толтурулду. Мугалимдер 9 багыт боюнча журналдарды толтурушуп,тарбялык саатарды өтүп турушту.Тартиби оор балдар мектеп каттосуна алынды.Ошондой эле профилактикалык кеңеш түзүлүп, анын иш планы бекитилди.Сабакты көп калтырган,турмуш шарты оор,окууга көңүлү жок окуучуларды мектепке тартуу максатында,билимдерин өркүндөтүү жаатында пландаштырылган.

«Байкоо жүргүзүү»журналы ачылып,мектеп директору,тарбия иштери боюнча директордун орун басары,соцпедагог жана мугалимдер тарабынан жүрүштөр өткөрүлдү. Класстык тарбия сааттары мектептин окуу расписаниеси коюлуп,класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иш-чаралардын болжолдуу темалары кабыл алынды. Жыл ичинде мектепте тартип,тазалык,форма,жетишүү,катышуу ж.б. окуучулардын иш-чараларын көзөмөлдөп туруу үчүн дежурствонун графиги бекитилди. Коопсуздук техникалык эрежелерин сактоо боюнча класс жетекчилер тарабынан окуучуларга маалыматтар берилди..Жол эрежелерин .өрт.табигый кырсыктар коопсуздугун сактоо иш-чаралары класс жетекчилер жана дене тарбия мугалимине тапшырылды.Мектептеги жана класстардагы өзүн-өзү башкаруусунун курамы түзүлдү жана алардын алып баруучу иш-чаралары пландаштырылды.Окуучулардын бош убактысын туура пайдалануусу үчүн атайын кружоктор ачылды.

Мектептеги жана класстардагы класстык бурчттарды жаңылантып,кошумча графаларды кошуу мекнен чыгарылды.Мектеп ичиндеги тазалык,тартип, балдардын формасына талап, мебелдердин сакталышы,китептердин абалы,класстан тышкаркы иш-чаралар,класстык таалим-тарбия иштери көзөмөлдө болуп,мектеп иштерин жакшыртуу иш-аракеттери жүргүзүлдү.

Окуу жылынын башында тарбия иштери боюнча план түзүлүп, администрация тарабынан бекитилген

**Сентябрь айы** Ар бир айлык өз убагында жүргүзүлүп жатты.Тарбиялык саттар айлыктын темаларынын негизинде өткөрүлдү.Билим күнүнө арналган салтанаттуу линейканы 1-класстын жана 6-класстын окуучулары жана " Жаштык" уюму алып барышты.Билим

күнүнө арналган салтанаттуу линейкада окуучулар ырларды,бийлерди аткарып мектеп ак босогосун биринчи аттаган 1-класстын окуучулары да ырларын,бийлерин аткарып жагымдуу маанай тартуулашты.1-4-класстарга Ата-журт Асыл Мекеним аттуу темада тарбия сааттар өтүлдү.Ал эми 5-8-класстарга Түбөлүккө желбирей бер,эгемендик желеги тарбия саат өтүлдү.9-11-класстарга Мекеним Кыргызстан деген темада тарбия сааттар өтүлдү. Жолдо жүрүү эрежеси жана мамлекеттик тил айлыгына карата план түзүлүп бекитилди.Окуучулар салттуу түрдө окуп жатышты.Ошондой эле "Жолдо жүрсөң сак бол эрежеге так бол" деген темада даярдоо класстан 11-класска чейин эң алгачкы тарбия сааттар өтүлдү. Слайдар,видео роликтер көргөзүлдү.Тарбия сааттар кызыктуу, көрсөтмөлүү болду. Мамлекеттик тил күнү кыргыз тилчи Кочорбаева Ч.М "Эне тилим-эне сүтүм" аттуу темасында мектеп окуучулары менен биргеликте эң жакшы салтанаттуу линейканы алып барды.Салтанаттуу линейкада көркөм окуулар кыргыз ырлар,бийлер менен коштолду.Окуучулар активдүү катышты.

**Октябрь айы** айдын башында план түзүлүп бекитилди.Экология айлыгына карата тематикалык тарбия сааттар өтүлүп жатты.Окуучуларга коронавирус оорусун алдын алуу боюнча маалыматтар берилип түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты. 9-11-класстын окуучулары 1-4-класстын окуучуларына Экологияга кам көрүү боюнча маалыматтарды беришти.З.Кайназарова атындагы "Жаштык" уюмунун мүчөлөрү"Сен таза болсоң коом, да таза болот" деген темасында окуучуларга маалымат беришти.Биология сабагынын мугалими Белекова Рыскуль 1-11-класстар арасында "Күз берекеси" түшүм майрамын ар бир класс тарбиялык саат өттү.Окуучулар күз берекесин ырларын айтышып, бийлерди бийлеп, жеке номерлерди аткарышты.

**Ноябрь айы.** Айдын башында "Жаранды аттуулдукка тарбиялоо" айына карата план түзүлүп бекитилди.Өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу мектеп окуучуларын эртең менен келгенде окуучулардын дене табы өлчөнүп,антисептик менен колдорун дизинфекциялап сабакка кирип жатышты.Окуучулардын өздүк гигиенасы класс жетекчиси тарабынан көзөмөлгө алынып турду.Гигиена-ден соолукту сактоо жана чыңдоо жөнүндөгү илим.Ден соолукта болуунун биринчи эрежеси өзүнүн денесинин,кийиминин тазалыгы экендиги эскерилди.Коронавирус жугуштуу оорусу боюнча тиматикалык класстык сааттарды өтүштү ошондой эле сабакка катышпаган окуучулар менен класс жетекчилер тынымсыз иш алып барып жатышты.Ата-энелер менен байланышып,себептерин такташты.

**Декабрь айы** айдын башында Укуктук,нравалык жактан тарбиялоо айынын карата план түзүлүп бекитилди.1-декабрь бүткүл Дүйнөлүк СПИД күнүнө карата 9-10-11-класстарда " ВИЧ СПИД"деген эмне деген темада тренинг өтүлдү, стен газеталар чыгарылды.Тренингге баардык окуучулар катышты жана түшүнүк алышты.Мектеп тарабынан дезинфекцияланып,тазаланып жатты.Ар бир окуучу ата-энелер тарабынан өздүк коопсуздугун сактоочу каражат менен камсыздалды.Күнүгө эртең менен кисин окуучулардын,мугалимдердин дене табы өлчөнүп көзөмөлгө алынып,түзүлгөн журналга жазылып турду.

4-декабрь Манас күнүнө карата Манас таануу залына жана Манас таануу канасы менен канаанын башчысы, кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалими Кочорбаева Ч.М. башталгыч классынын окуучуларын тааныштырып, Айкөл Манас атабыз жөнүндө маалыматтарды айтып берди. Окуучулар Манастын балачагынан үзүндүлөрдү айтышты сүрөттөрдү тартышты.12-декабрь улуттук адабият күнү жана Ч.Айтматовдун туулган күнүнүн 93-жылдыгына карата план түзүлдү.Иш пландын негизинде окуучулар менен бирдикте тарбия сааттар өтүлдү.Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына арналган

бурчтар уюштурулду. Дил баян, рефераттар жазылды ар бир класста тематикалык класстык сааттар өтүлдү.

**Январь айынын** Адеп ахлактык тарбиялоо айлыгына карата план түзүлдү.Окуу жылынын башында ар бир класста ден соолук бурчтары жана залда балдарга маалыматтар илинген.Коронавирус оорусуна байланыштуу ар бир класстарда тепловизор,дисковрик,антисептик,ж.б.кражаттар менен камсыз кылынды ооруну алдын алуу эрежелери күнүгө эскертилип турду ар бир баланын өздүк тазалыгы көзөмөлгө алынып,сабакка келбеген окуучулардын себептери такталып турду. Класстардын таза жуулушу,хлор менен тазалоо иштери аткарылат жатты.5-9-класстын окуучуларына насвай,тамекинин зыяндуулугу темасында тарбия сааттар өтүлдү.Абайла!Сасыктымоо!Боюнча жат жазуулар жаздырылып, дубал газеталар чыгарылды.Өзүн өзү башкаруу уюму айтайын план боюнча китептердин,күндөлүк ордун абалын текшерип жыйынтыгын чыгарып турушту.

**Февраль айы** айдын башында потриоттуулукка тарбиялоо айына карата план түзүлүп бекитилди.

"Мен мекенчил атуулмун"деген темада класстык сааттар өтүлдү.1-7-класстар арасында потриоттук темасында сүрөт көргөзмөзү өтүлдү.Ооган жеринде өз өмүрлөрүн арнап баатырларча курман болгон эр азаматтардын элесине арналган "Ооган согушунун тарыхый тактары" деген темада тарбия сааттар өтүлдү.23-февраль Ата мекенди коргоо күнүнө карата иш чара өтүлдү. Иш чараны 9-класстын окуучулары эң жогорку деңгээлде алып барышты.Ата мекенди коргоо күнүнө коноктор чыкырылды.Ошондой эле потриоттук ырларды,бийлерди аткарышты.

**Март айы**.Айдын башында эстетикалык тарбиялоо айына карата иш планы бекитилген.Класс жетекчилер тематикалык класстык сааттар өтүлдү.

**3-март** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туунун 30-жылдыгы белгиленди.Салтанаттуу линейканы "Жаштык" уюмунун окуучулары өткөрүштү.Туунун желегин алып чыгышып, потриоттук ырларды ырдашты, бийлерди бийлешип. Туунун символдордун даңазалап беришти.**5-март** Ак калпак күнүнө карата.4-класстын окуучулары "Улут жүзү ак калпак" деген темада иш чара өтүштү.Кыргыздын Ала-Тоосун элестеткен ак калпакты даңазаланып көркөм окуулар,потриоттук ырлар,кыргыздын салттуу бийлерин аткарышты.Окуучулар улуттук кийимдерди кийишип, кыргыздын ак калпагынын түрлөрүн айтып беришти.

**Апрель айы.** Айдын башында Эмгекке тарбиялоо айыны карата иш планы бекитилген.Класс жетекчилер тематикалык класстык сааттар өтүлдү.

7-апрель элдик революция күнүнө карата 10-класс класс жетекчиси Аскарова Айдай Исмаиловна менен биргеликте 7-Апрель – Азалуу даңтын күнү деген темада эң жогорку дээңгелде иш чара өтүштү. Иш чарада эскерүү ырлар,бийлер аткарышты. Ошондой эле райондун мактоосуна ээ болду. Апрель айында Зайлык жашылдандыруу иштери жүргүзүлүп жатты.Мектеп ичинде жашылдандыруу боюнча конкурс жарыяланып,7-класстын окуучулары эң жакшы жашылдандыруу иштерин жазагандыктан мактоого татыктуу болушту жана граматта менен сыйланышты.

**Май айы.**Айдын башында Профаринтация айлыгына карата иш план түзүлүп бекитилген.9-май Улуу жеңишке арналган салтанаттын 77-жылдыгына карата арналган иш чарага.8-класстын окуучулары класс жетекчиси Белекова Рыскул Аскарбековна менен катышты.Ошондой эле жалпы мектеп окуучулары катышып,Белек айылындагы Ардагерлерге арналган эстеликке барып эскерип,ыр бийлерин бийлешип куттукташты.Зуурakан Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнөн келген коноктор жана Белек ыйыл аксакалдары куттуктоо сөзүн айтышты.Улуу Жеңишке арналган салтанат эң жакшы деген алкышка ээ болушту.

Мектеп директору: А.М.Садырова.

Тарбия бөлүмүнүн жетекчиси: М.Б.Бейшенбекова.